КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫ
ЖАЛАЛ-АБАД ОБЛАСТЫ
БАЗАР-КОРГОН РАЙОНУ

"КЕҢЕШ АЙЫЛ АЙМАГЫНЫН
АЙЫЛДЫК КЕҢЕШИ" МЕКЕМЕСИ

КЫРГЫЗСКАЯ РЕСПУБЛИКА
ЖАЛАЛ-АБАДСКАЯ ОБЛАСТЬ
БАЗАР-КОРГОНСКИЙ РАЙОН

УЧРЕЖДЕНИЕ "АЙЫЛНЫЙ КЕНЕШ
КЕНЕШСКОГО АЙЫЛНОГО АЙМАКА"

# ТОКТОМ
# ПОСТАНОВЛЕНИЕ

**29-август 2024-жыл № 6** **Совет айылы**

**"Кеңеш айыл өкмөтүнүн 2024-жылга бекитилген бюджетине өзгөртүүлөрдү киргизүү жана айыл башчылардын кызмат орундарын кароо жөнүндө"**

Кыргыз Республикасынын Бюджеттик кодексинин 115-беренесинин негизинде 2024-жылдын 8 айынын жыйынтыгы менен бекитилген кирешелеринин планына салыштырмалуу, пландан ашыкча аткарылгандыгы боюнча айыл өкмөтүнүн КЭББ Э.Абдраимовдун билдирүүсүнө негиз, каражатын бекитүү боюнча Кеңеш айылдык Кеңешинин VIII-чакырылышынын кезексиз VIII-сессиясы угуп жана талкуулап **токтом кылат:**

1. Кенеш айыл өкмөтүнүн 8 айына жергиликтүү бюджетинин киреше бөлүгүнүн бекитилген планы анык аткарууларга салыштырмалуу 592,0 миң сомго ашыкча аткарылгандыгынын эсебинен: 2024-жылга бекитилген 14152200-беренеси жайыт ижара акысы боюнча 592,0 миң сомго планын көбөйтүү жагы жактырылсын.

2. Ал эми Кыргыз Республикасынын бюджеттик кодексинин 130-беренесине ылайык жергиликтүү бюджеттин баланстуулугун сактоо үчүн 2024-жылдын жылдык кирешелер бөлүгүнүн планына тактоого киргизилген кошумча кирешелер айыл өкмөтүнүн муктаждыктарына карата чыгаша бөлүгүнүн 70429-бөлүмүнүн 2215-беренесине 592,0 миң сом III-кварталдын планынын киреше жагын көбөйтүү жагы жактырылсын.

3. Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин 2024-жылдын 07-февралындагы № 52 токтомунун 2-пунктунун 2-тиркемесинин 3-пунктуна ылайык ар бир калктуу конушта контрактык негизде айыл башчысынын кызмат орду каралсын.

4. Токтомдун аткарылышын Кеңеш айыл өкмөтүнүн башчысы Э.Турдукуловко жана КЭБ башчысына милдеттендирилсин.

5. Мыйзамдуу жагын карап берүү Кеңеш айыл өкмөтүнүн юристине милдеттендирилсин.

6. Токтом Кыргыз Республикасынын "Кыргыз Республикасынын ченемдик-укуктук актылары жөнүндөгү" Мыйзамына ылайык Кеңеш айыл өкмөтүнүн расмий WEB сайтына жарыялансын.

7. Токтомду көзөмөлдөө жагы Кеңеш айылдык Кеңешинин төрагасынын орун басарлары Б.Матишовко, А.Азимбаевага жүктөлсүн.

**Төрага** **Ш.М.Канполотов**